Көчкөн САКТАНОВ

# ИСХАК РАЗЗАКОВ ЖАНА ЖУСУП АБДЫРАХМАНОВ

Республиканын биринчи секретары болуп иштеп атканына быйыл тоголок үч жыл болот. Өктөөбүр төңкөрүшүнөн бери отуз алты жыл өтсө, ошонун отуз төртүнчү жылы гана Кыргызстандын биринчилик тизгини кыргыз адамына тийди, өзүнө тийди.Буга чейин анын элин,анын жерин бүт эле Орусиядан келген тили, дини буруу келгиндер башкарыптыр го! Оюна келгенин кылыптыр го! А натыйжасы эмне болду? Элди айтпайлы, жердин өзү орусташып кеткен. Ивандан баштап, Гавриловкага чейин евка-мовкаларга толуп кеткен. Жердин чүйгүнү мурдакыдай эле чоң сакалчандардын колунда кала берген. Борборду айтпайлы, те элет жерине чейин, орустун тилин эмес, орустун өзүн али көрө элек кыргыз адамы "Мага орусча арыз жазып берчи?" деп орусча билгенге зарыгып, кор боло баштаган. Ыя, капырай, өз эл, өз жеримде өз эне тилин жакшы билгендер экинчи, үчүнчү сорттогу адам болуп, орус тилин жакшы билгендер биринчи сорттогу адам болуп чыга келиши, бу кайсы социализмдин жеңиши да, кандай социализмдин жемиши?!

Анан да Кыргызстанга көчүп келген орус адамы, өзүнүн Орусиясындагыдай бутту төргө асып коюп жашап атса, ал эми жети эмес, жетимиш атасынын сөөгү ушерде калган жергиликтүү кыргыз адамы Кыргызстанда эмес, Орусияда жашап жаткансып көз каранды боло баштаышы бу нака колониянын өзү эмеспи? Баарынан да Орусияны таштап, башка республикаларга тарап кеткендер өздөрүн "национал" эсептебей, кайра ошо өз эл, өз жеринде жашап жаткан жергиликтүү элди "национал" атап алышы нака зордуктун өзү эмеспи?

Раззаков көмөкөйүнөн аста үшкүрүндү. Бүткүл ачуусун колундагы калем сабынан чыгарып, аны ары күчөнө ыргытып салып, саатын карады. Бирге кетиптир. Күндөлүгүн жапты. Көз көрүнөө куйкаңды куруштурган мына ушул көрүнүштөрдү азыр күндөлүгүнө жазса болмок, бирок кереги барбы? Күндөлүгүнө өз оюн ачык жазган Жусуп Абдырахмановдун тагдыры эмне болду? Жетчү жерге жетип калса, эртеси эле аны ээрден алып, ордуна дагы бир борбордон келген Вагов сыяктуу чоң муштум мужукту, же күн чыккан жердин күкүгү болгон Кыргызбай Кокуйбаев сыяктууларды коюп коюушу мүмкүн. Айтмакчы, Кыргызбай Кокуйбаев көптөн бери анын тынчын алууда. Мындан үч жыл илгери республикага биринчи болуп келери менен, аны аппараттан четтетмек болгон, бирок тамырын ал өтө тереңдетип жайып алганын кийин билди. Буердегилерге эле эмес, те москвалыктарга чейин ал керектүү адам болуп алганын билди.

Айтмакчы, ал айрыкча биринчи болуп келгенде бир нерсеге аябай таң калды. Борбордук Комитетте, же Жогорку Советте иштеген жогорку эшалондо кыргызым дегенде ичкен ашын жерге койгон бир да мыкты намыскөй кыргыз адисинин жоктугуна аябай таң калды, өкүндү. Бир ирет тоо аралап, ат арытып келатышып, жакын санаалашы Болот Мамбетовдон "Эмне үчүн мындай?" деп акырын сурады эле, ал:

- Мыкты деген кыргыздар бүт кой багып, эгин эгип, тоо-талаада жүрөт, а буерде бүт мыкты эместер чогулганбыз, - деп жылмайып койду.

- Тамаша сыяктанып айтылганы менен бу кептин артында ачуу чындык бар экен. Эмне үчүн жетекчилик чөйрөдө жергиликтүү элдин мыкты өкүлдөрү өтө аз? Эмне үчүн андай адамдар мурунтан тандалып, даярдалган эмес? Эмне үчүн, эмне үчүн, эмне үчүн? Көрсө, мунун себеби те мурунтан башталган экен. Атайын башталган экен. Жыйырма бешинчи жылдан элүүнчү жылга чеиин, тагыраак айтканда, ал өзү, биринчи болуп келгенге чейин, кыргызга "оозуң кайда?" десе, мурдун көрсөткөн Каменский (1924-25), Узюков (1925-27), Шубриков (1927-29), Кульков (1929-30), Шахрай (1930-33), Белоцкий (1933-37), Аммосов (1937-38), Вагов (1938-45), Боголюбов (1945-50) сыяктуулар бийлеп келиптир. Кызык ошол кезден ушу кезге чейин, жок дегенде ушулар сыяктуу кыргыздын өз атуулдары жок беле? Кантип жок болсун, бар эле. Болгондо да Каменскийден баштап, Ваговго чейинки чоң муштум мужуктардан билим десе билими, акылы десе акылы жогору турган, анын да өз элинин бүт салт-санаасын, өз жеринин күнгөй-тескейин жакшы билген, эки тилде тилинен чаң чыккан Жусуп Абдырахманов, Абдыкерим Сыдыков, Касым Тыныстанов, Ташмукамбет Кудайкулов,

Ишеналы Арабаев сыяктуу ондогон мыктылар бар эле. Бар болсо, эмне болчу анда?

Э-э айта берсе арман көп, сөз көп! Жашынан Өзбекстанда окуп, ошерде иштеп, узак убак бою четте жүргөнү менен өз элинин шорун, өз элинин тарыхый жолун ал жакшы билет. Болуптур, революцияга чейин го колония болуптур, а революциядан кийин эмне болдук? Көз карандылыктан, кемсинүүдөн бошондукпу? Буга ким күнөөлүү? Ленинби? Сталинби?

"Ар бир республиканын иш аппаратында кагаз иши жергиликтүү элдин тилинде жүрсүн, жергиликтүү тилди билген кишилер гана жетекчилик кызматка көтөрүлсүн "деп ким айтты эле? Жогорку экөө айтпады беле? Айтканда да ыр кылып айтпады беле?

Советтердин бир шору - айтканы айткан, дегени деген жерде кала берди. Совет, совет болуп, совет атка конуп, бу дүйнөгө "дүңгүрөп" келгени, айтылганы айтылган, жазылганы жазылган жерде калып, иш жүзүндө ким көп билсе, ким куралдуу болсо, ошонун арааны ачылып, "шовинисттердин" орусташтыруу саясаты жең ичинен күчөй берди. Тең бололу, тең жашап, тең көрөлү дегени менен, иш жүзүндө учу-чени жок зор өлкөнүн төрт бурчуна чейин орус адамы үчүн шарт түзүлүп жатты.

Исхак Раззаков башын колдоруна жөлөй тунжурады. Ушунун баарын көрүп-билип турат, ичинен ыйлап, жүрөгү сыздап турат.Бирок, колунан азыр эмне келет? Өз элинин башы болуп туруп, бирок өз оюн ачык айталбаса, оюндагысын кыла албаса, тилин, дилин, динин эбак унутуп, эптеп бир тирүүлүктүн күнүн кечирип жашап аткан элине: "Эй, андай эмес мындай бололу" деп айталбаса, анда мунун эмнеси социализм? Ушу да теңчиликпи? Ушу да эркиндикпи? Өзгөнү айтпайлы, мына өзү баштап, үйдө олтуруп, минтип ойлогону менен, эртең эле эл алдында башкача сүйлөп чыгат.

"Э-э десе!" - деп, Раззаков ичинен терең муңканып алды. Жогорку оюнан улам, бу дүйнөдөн эбак пендечилик кылган Жусуп Абдырахмановдун тагдыры эсине түштү.

Жусуп да ага окшоп күндөлүк жазган экен. Элин, жерин жүрөк толтосунда кармаган өтө билимдүү, саясий жактан өтө жетик, зирек адам болгон экен. Эмне үчүн анда кыргыз үчүн кылы кыйшайбаган тили буруу адамдарды жогортон алып келе беришкен? Буга ким күнөөлүү? Сталинби? Албетте, кудайдын буйругусуз башка түгүл чөптүн башы кыймылдабайт. Сталиндин буйругусуз, Сталиндин макулдугусуз алардын бири да быякка келмек түгүл, тумшук сала алмак эмес. Ушундан улам Исхак өзү да мурун көп маселе боюнча Сталинди гана күнөөлөчү. Биринчи болсо эле маселенин баарын өзү билип, өзү чечет деп ойлочу. Бирок такыр андай эмес экенин өзү биринчи болуп келгенде сезди.Ошо кезде терең билип, терең иликтеп келгенде баләэнин баары Сталинден мурун, Москва менен Түркстандын ортосунда ортомчу турган Ташкендеги РКП(б) БК Орто Азия бүйрөсүндө иштеген ошо кездеги европалыктар экен. Орустарды Орто Азияга көбүрөөк топтош үчүн Ташкендеги Болдырев "белдүү" кызматкер сурап Москвадагы Молотовго утуру өтүнүч кат жазып турса, жөөттөрдү Орто Азияга көбүрөөк топтош үчүн Ташкенттеги Зеленский "белдүү" кызматкер сурап, Москвадагы Кагановичке өтүнүч кат жазып турган. Көп мисалдын бири эле мисалы. Миң тогуз жүз жыйырма бешинчи жылы Кыргызобкомдо иштеген Абдырахманов менен Каменский тиреше кетип, экөө ит жыгылыш болуп, кайра турат. Ошондо Ташкендеги жөөт Зеленскийдин Москвадагы жөөт Кагановичке жазган каты.

"...По всей видимости, изменить руководящий состав Кара-Киргизской парторганизации - неизбежно. По-видимому придется снять и Абдырахманова и Каменского и послать туда трех крупных европейских работников: секретаря Обкома, зам.пред.Облисполкома и начальника ГПУ

Председатель Средазбюро ИК. РКП(б)

Исаак Абрамович ЗЕЛЕНСКИЙ.

1 март 1925 г. Ташкент".

Март айынын онунда Каганович бул катты Сталинге алып кирди. Сталин адатынча, катты бир эмес, эки ирет шашылбай карап чыгып, ичинен ары-бери аябай ойлонуп, бирок бу оюн ачык айтпай дулдуя:

- А сен өзүң Лазарь... бу маселе боюнча кандай ойдосуң - деди.

- Мен, жолдош Сталин, Зеленскийдин оюн туура деп эсептейм.

- Эмне үчүн?

- Себеби, айрыкча азыр Орто Азияда, анын ичинде Кара-Кыргыз областында басмачылык өтө күчөп турган кез. Бул бир. Экинчиси, Англия баш болуп, Орто Азияны бөлүп кетүү саясаты курч абалында турат. Үчүнчүдөн, өзүңүз жакшы билесиз, троцкизм ошол Орто Азияга чейин тараган. Албетте, "жергиликтүү калкка ошо жергиликтүү элдин өкүлүнөн көтөрүш керек" деген оюңуз эң туура. Буга мен толук кошулам, бирок азырынча эрте... Жогоруда мен айтып өткөн азыркыдай татаал шартта Каменскийди кызматынан алып, анын ордун Абдырахманов, Сыдыков же Кудайбергеновго ишенип бере алабызбы? Анын үстүнө Абдырахманов манаптын баласы... Эртең эле басмачыларга, андан ары Англияга кошулуп кетсе, эмне кылабыз?

- А сен эмне дейсиң, Вячеслав? - Баятан бери үндөбөй бир санында сулк отурган Молотовго бурулду Сталин.

- Мен Лазардын оюна толук кошулам. Сталин ичинен экөөнүн оюна анча кошула берген жок. Эгер Сталин өзү орус баласы болсо, экөөнү азыр аябай сөгүп отургузмак. Москвадан барган

Иванов, Петров, же Абрам басмачыларга, андан ары Англияга сатылып кетпейт деп ким ишенип гарантия бере алат? Маселе Иванов, Петров же Абдырахмановдо эмес, маселе анын чыныгы, ак ниет коммунист экендигинде да? Ушу жана ушу сыяктууларды азыр ал аябай фактылап, Зеленскийдин катына башкача баа берсе болмок, бирок анте албайт, себеби эртең эле тегерегиндегилер, Сталин өзү баш болуп улутчул: майда улуттарды коргоп, жактап сүйлөйт, анткени, өзү майда улуттун өкүлү деп чыгышат. А бу анын душмандарына дароо саясий союл болуп берет. Ошон үчүн ал кээ маселелерге айласыздан ынап берет. Үнчүкпайт.

- Анда Кыробкомго ылайыктуу кандидатыңарды даярдагыла, - деди Сталин.

Ошентип, көп узабай Москвадан Кара-Кыргыз областына биринчи секретарлыкка Узюков, областтык аткаруу комитетинин орун басарлыгына Фатьянов, ГПУнун торагалыгына Кекин деген немелер бекип алды. Абдырахманов менен Каменскийдин чатагын түпкү себеби эмнеде эле? Айрыкча, адис маселеси эле. Тың, билимдүү, жергиликтүү адистерди аппараттын ички ишине тартуу маселеси эле. Ошол кезде Орто Азия жана Казакстанга, анын ичинде Кыргызстанга Орусиядан мыкты интеллигенттердин өкүлү эмес эле, кайдагы бир калган-каткан, экинчи, үчүнчү катардагы адистердин өкүлдөрү жиберилчү. Анткени, большевиктер бүт мыктыларын атып, асып, камап, калгандарын быягы Сибирь, тыягы Батышка айдап, Орусия өзү мыкты интеллигенттерден кол жууп калган эле. Хрущев сыяктуу чала сабаттар, өзүндө маданияты жок туруп,өңгөнү маданиятка үйрөтмөкчү болуп "Оозу кыйшык болсо дагы, байдын уулу сүйлөсүн" болуп калган эле.

Жусуп Абдырахманов Каменский менен эч келише албай койду. Элдин тилин, жердин мүнөзүн таптакыр билбей туруп өзүн "окутуучу", ал эми өзүнөн тың Жусупту "окуучу" катары көрүп, мен биринчимин, мен улуу элдин өкүлүмүн деген дымак менен мамиле кылышы, баарынан да нары тың, нары билимдүү Абдыкерим Сыдыков сыяктуу жергиликтүү адисти Жусуп аппарат ишине тартса, Каменский анын бул ишин туура көрбөй, кайра кычаштыка четтетиши Жусуптун куйкасын куруштура турган. Бир ирет экөө зор жыйылышта катуу айтыша кетишти. Ошондо Жусуп токтоно албай дагы бир ирет сөз алган.

- Вот вам еще один парадокс. В Киргизии не действительна справка на киргизском языке. Бороться с подобными безобразиями некому. Коренные кадры слабы, беспомощны, а европейским работникам не до этого. Они больше ищут местных националистов, но не видят великорусских шовинистов и вредителей!

Ушундан баштап Жусуп, быягы Ташкен, тыягы Москвага чейин улутчул катары таанылa баштады. Раззаков ичинен тынды. "Кызык, өз элинин таламын талашса эле улутчул аталабы? А эмне үчүн бөтөн эл, бөтөн жердин тилин, дилин, динин билбей туруп, ошол элдин акими болуп келүү, бу демократия эмес эле, нака шовинизмдин өзү деп айта албайбыз? Олчойгон пил келип, кичинекей чымынды тепсеп атса, тепсеп атат деп айталбайбыз? Айтыш үчүн тил керек да. А тилибиз кесилип салынган!

Анан калса мындай саясий күрөштө элиң бошоң болсо, ого бетер бошоң болот экен го! Жусуп Абдырахманов, Каменский менен тирешип, биринчиликти өзү алганы турганда, анын тегерегиндеги кыргыз адистери аны колдоп туруунун ордуна, тескерисинче, эки топко бөлүнүп Кудайкулов менен Бабаханов баштаган топ кайра каршы чыкты го! Ушундан улам эки топтун тең сакалы өрттөнүп атса, Каменский алардын сакалын өчүрүүнүн ордуна, кайра табына колун жылытып, кудай урган Кудайкуловдун тобу аркылуу Жусупту колдогон Абдыкерим Сыдыков, Ташмухамбет Кудайбергенов, Ишеналы Арабаевдин тобун тургус кылып сокту го!

"А-а кайран кыргызым а-а, аман эле бололу! - деп Жусуп ошондо көөдөнүнөн түтүн чыгара көзүнө жаш алса керек. - Качан баарың бир кылка баш кошосуң? Качан баарың бир кылка баш көтөрөсүң? Качан баарың бир кылка намыска чыгасың? Качан кадыресе эл катары биригесиң. Кача-ан?! Кырылып, жоюлуп, түндүктө бирөөң, түштүктө бирөөң калып кор болгондо, ошондо биригесиңби.О шордуу кыргызым?!"

Кызматынан алынып, өз эл, өз жеринен кетип аткан Жусуп орус-кыргыз ортосунда өз оюн ачык айтып чыккан:

- Многие считают, что я закоренелый националист. В чем мой национализм? Никто между тем не знает, и не скажет. Было бы полбеды, если бы эти обвинения исходили от людей, доказавших на деле свою интернациональность, свою коммунистическую безупречность, это было бы резонно. Но когда о моем национализме говорят великодержавные шовинисты и беспринципные идиоты из киргиз, хамелеоны, подделывающиеся под масть великодержавных шовинистов - это смешно и горестно!.. Трагедия моего народа заключается в этом... Только в этом!

"Ай атаңдын гана көрү ай!" деп алды Исхак Раззаков ичинен көзүнө жаш албаса да, көкүрөгүнө көлдөй жаш алып. Саясий күрөштө Жусуптун жалгыз калганын, ошо жалгыз болгону үчүн, өз элдин өкүлү болгону үчүн жеңилип калганын ойлоп, ичинен аны аяды, сыздады. Жусуптан кийин борбордук аппаратка аға тете бир да адам келбептир жана келтире коюшпаптыр. Кыргыздын чейрек кылым тарыхында Абдырахманов Жусуп биринчи жана акыркы болуп кала бериптир!..